**Пресс-релиз**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 11 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечимин кабыл алды**

2015-жылдын 24-февралында Улуттук банк Башкармасынын кезектеги отуруму өтүп, анда эсептик чен өлчөмүн 11 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечими кабыл алынган.

Отурумда өткөн жылдан бери уланып келе жаткан ички жана тышкы тобокелдиктерден улам келип чыккан инфляциялык жагдай жана ички валюта рыногуна келтирилип жаткан басым сакталып калгандыгы белгиленген. Февраль айынын орто ченине карата абал боюнча инфляция жылдык мааниде алганда 10,9 пайызды түзгөн. Кыргыз Республикасынын жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасы учурда ар кандай таасирлерге дуушарланган белгисиздик жагдайынын өкүм сүрүшү шартында өнүгүү багытын улантууда.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган мандатына ылайык, орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны Улуттук банктын орто мөөнөткө каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарында аныкталган чекте – 7 пайызга жакын деңгээлде токтотуп турууну көздөгөн тиешелүү чараларды көрүүгө ниттенүүдө. Экономикалык өсүш болжолдоолорун эске алуу менен түптөлгөн алгылыктуу динамиканы колдоо үчүн 2015-жылдын биринчи чейрегинде реалдуу секторду өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү максатында сом түрүндөгү ликвиддүүлүктү жогорулатуу үчүн банк секторуна финансылык ресурстарды аукциондук негизде сунуштоо болжолдонууда.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүн кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 30-мартына пландаштырылган.